КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ

ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКИ
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ТЮПСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XVIII-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**30-январь 2023-жыл. № 141** **Түп айылы.**

**" 2023-жылга Түп айыл аймагынын жергиликтүү бюджеттин жана 2024- 2025 жылдарга болжолун бекитүү"**

Түп айыл аймагы 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар боюнча 2024-2025 жылдардын кирешелеринин долбоору жөнүндө Түп айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Түп айылдык Кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XVIII -сессиясы **токтом кылат:**

1. 2023-жылга Түп айыл аймагынын жергиликтүү бюджети кирешелер жана чыгашалар боюнча 38073,9 миң сом атайын каражаттын эсебинен 3080,0 миң сом баардыгы 41153,9 миң сом көлөмүндө № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү бюджеттен 2023-жылы каржылануучу чыгашаларынын көлөмү мекемелер жана №2,2-1 тиркемелерине ылайык бекитилсин.
3. "Имараттар жана курулуштар" беренеси боюнча каржылоого бөлүнгөн каражаттар обьектилер боюнча № 3 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. 2024-жылга киреше жана чыгашалардын долбоору 51407,9 миң сом көлөмүндө. 2025- жылга киреше жана чыгашалардын долбоору 55456,9 миң сом көлөмүндө №4 тиркемеге ылайык жактырылсын.
5. Чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер, коммуналдык кызматтар жана көмүр алуу боюнча жүргүзүлсүн.
6. Айыл аймагынын башчысынын резервдик фондусу 376,9 миң сом өлчөмүндө каралсын.
7. Бюджеттик мекемелерге казына системасын четтен өтүү менен атайын каражаттарды пайдаланууга тыюу салынсын.Көрсөтүлгөн тартип бузулганда атайын каражаттын 100 пайызы жергиликтүү бюджеттин кирешесине алынат.
8. 2023-жылдын 1-январына карата айыл аймактын жергиликтүү бюджети боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча 30,0 миң сом суммасында белгиленсин.
9. Айыл аймактын бюджети айыл өкмөтүнүн каржы -экономикалык бөлүмү тарабынан түзүлгөн кирешелер жана чыгашалардын жазылышы боюнча бекитилген мекемелердин чыгашалар сметасына ылайык аткарылат.
10. Ушул токтом 2023-жылдын 30-январынан тартып күчүнө кирет.
11. Бул токтомдун ишке ашыруу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Төрайым** **А. Орозбекова**